УДК: 82: 821

Асаналиева К.А.
К. Тыныстанов ат. ЫМУ

ЭРНИС ТУРСУНОВДУН РОМАНДАРЫНДАГЫ КААРМАНДАРДЫН ТАРЫХЫЙ КӨРКӨМ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Макалада жазуучунун прозалык чыгармаларында көркөм сүрөткөр катары ар тараптуулугун, ой жүгүртүүсүнүн кенендигин, тарыхты билгендигин, публицистикалык- илимий стилдерди айкалыштырып сиңирип жиберүү чеберчилиги маселелерине токтолгон бир кыйла омоктуу ойлор камтылат.

Эрнис Турсунов ар бир жанрда эркин иштеген чоң талант. Абадагы куш кандай сызса, деңиздеги балык кандай сүзсө ал поэзияда, прозада, публицистикада, драматургияда, лирикада да бирдей эркин сүзөт. Чыныгы талант жанр тандабайт демекчи, ал жанр тандабайт.Анын прозада «Ата Журт», «Балбай, «Боронбай», «Хан теңир»,»Бадахшан», «Ажал айтып келбейт» жана башка ушул сыяктуу чыгармалары бар.

Өткөн кылымдын 80-жылдарынын баш ченинде чыккан «Бадахшан» аттуу чыгармасында новелла, аңгеме, повесттерин карап чыгып, жазуучунун алдына ачык түрдө койгон максаттуу, адабий багыты бар экенин байкайсың.Автор өзүнүн чыгармачылык ой чабытын кандайдыр жанрдык канондор менен чектебей , баарынан мурда, адам жана анын тагдыры жөнүндөгү баянын эркин чыгарууну көздөйт. Жазуучу бир эле чыгарманын көркөм составында сюжеттик жана образдык түзүлүштөн тартып, очерктик, публицистика, документалдуулукка чейин пайдалануудан баш тартпайт.

Буга ачык далил катарында жазуучунун «Ата Журт», «Балбай», «Боронбай» романдарын көрсөтсөк жетиштүү.

Э. Турсунов өзүнүн көркөм максатына жеткен, окурмандардын көз алдына Балбай баатырдын конкретүү, элестүү образы системалуу түрдө тартылды, кыргыз адабиятындагы тарыхый каарман тууралуу көз караштарды кеңейтти,толуктады.

Тарыхтын нугуна, тагдырдын буйругуна байланган, катаал турмуш менен кандуу кагылышуунун айынан жер шаарына таруудай чачылган кыргызмын деген атуулдардын башын бириктирип өз заманынын залкар адамдары катары калкы үчүн кан-жанын аябай, акылы тунук нарк-насили бийик журт аталарыбыздын жашаган доору, жасап кеткен иштери жөнүндө артыбызга кылчактап, тайсалдабай, чыркыраган чындыкты ачык айтып жалпыга жар салып, даңазалоого мезгил жетти.

Ошондой ири инсандарыбыздын бири 19- кылымдагы кыргыз элинин көрүнүктүү саясий ишмери Боронбай Меңмурат уулу жөнүндө жазылган жазуучу Эрнис Турсуновдун «Боронбай» романын атап кетсек болот.

Бул эпикалык маанайда, тарыхый жанрда жазылган чыгарманын мазмунун, маани-маңызын, көркөмдүк көрөңгүсүн терип-тепчип, баяндап отурбастан, эң негздүүлөрүнө токтолсок, Бугу элинин башында туруп, уруу башчыларынын уруш талаштарына, чатак-чабыштарына ууккан карапайым калктын муң-зарын угуп, көйгөйүн көрүп, угуп-көрүп тим болбостон, кырчылдашып, кыл чайнашкан учурларда ой экчеп, акыл калчап, ийненин көзүн жылчыктан жол таап, өз ара биригүүгө, ынтымакташууга, кечиримдүү болууга чакырып, ансыз деле жери чак,

саны аз кыргыз эли кызыл кыргынга тушукпай, чоң мамлекеттердин чордонунда «көк бөрүгө» туш келбей, өз алдынча канкорсуз турмушту самаган журт атасы жөнүндө буга чейинки үзүл-кесил илимий, публицистикалык макалаларды, көркөм чыгармаларды эске албаганда, Боронбай тууралуу атайы жазылган алгачкы бараандуу китеп деп түшүнүү зарыл.

Боронбайдын 19-кылымда Россияга кошулуудагы чечкиндүү кадамы өз учурундагы өтө маанилүү, келечектүү саясий жүрүш катары бааланган. Муну менен ал утушка жетишкен. Биринчиси Цин империясынын, казактардын, Кокон хандыгынын кысымынан кутулган. Экинчиси, кыргыз жерине орноткон чеп-коргондорду талкалап, Кокон сарбаздарын сүрүп чыгып, кыргыздар өз жерлерине өздөрү ээ болгон. Үчүнчүсү, мыкты куралданган, аскердик тактикасы күчтүү, армиясы бар, Россияга өз эрки менен кирип берип, элин алааматтан сактап калган.

Боронбай мал чарбачылыгын кесип кылган көчмөн элдин келечегин ойлоп, аларды дыканчылыкка үндөп, орус дыйкандарынын өнөрүн, алдыңкы саамалыктарын үйрөнүп, биринчилерден болуп Ысыккөлгө жер айдатып, кош чыгарып, арпа септирип, эгин эктирип, мөмө жемиш бактарын тиктирген. Жайкысын Каркыра жайлоосун жайлап, Россиядан, Кытайдан өткөн кербендердин соодагерлери менен алыш-бериш кылган. Анын үйүндө ар улуттун өкүлдөрү болгон.

Тарыхта нечен эл чабылып, жок болуп кеткен, кайсы бири уланып, куралып, бүгүнкү күнгө жеткен. Тышкы баскынчылыктын, ички кагылыштардын кесепетинен Орто Азиядагы канча бир чоң мамлекеттердин дайыны жок болгон. Ад эми кыргыздар чапкынчылардын кыйратканына, бүлүнткөнүнө карабастан, боштондук кыймылдын туусун көтөрүп, өз бетинче эл болуп, мамлекет болуп жашады.

Ырас, соцреализмдин талаптары менен өз убагында кыргыз эл акыны Кубанычбек Маликов «Балбай» поэмасы, Аалы Токомбаев «Өлбөстүн үрөнү» драмасы, жазуучу Эсенбек Медербеков «Теңата» романы жарык көрүп цензуранын таасиринен улам Боронбайдын образы жарытылуу ачылбай калган. Анын үстүнө тарыхый документтерди архивдерден казып, сейрек кездешүүчү маалымат булактарын изилдеп, ооздон-оозго, укумдан-тукумга азыркы урпактарга чейин уланып, айтылып келаткан бул адамдын айланасындагы окуяларды, аңыз кептерди атайы иликтеп, көзгө толумдуу көркөм чыгарма жаратууга эч ким батына албаганы өкүндүрбөй койбойт. «Журт атасы» деген наамга ээ болгон ар бир адам, мейли кыргыз жеринин түштүгүндө жашайбы же жашаганбы, түндүгүнөн чыкканбы алар жалпы кыргыз элинин байлыгы болуп саналат. Ошондой инсандарыбыздын бири 19-кылымда Көл кылаасында жашап өткөн бугу уруусунун башкы манабы Боронбай бий. Ал өз элинин камкор, көсөм жетекчиси гана болбостон, ички жана тышкы мамилелерде, согуштук иште алысты көрө билген кылдат саясатчы, кыраакы чечен, журт башчысы, акындык өнөрү бар, элинин эркиндигин жогору койгон инсан болгондугу тарых барактарында, эл оозунда алигиче аңыз кеп болуп калган. Анын бири «сындын ээси Санчы, ырдын ээси Арстанбек, ойдун ээси Калыгул, малдын ээси Солтонкул, акылдын ээси Тилекмат, касиеттүү жердин ээси Олжобай, ал эми элдин ээси Боронбай. Боронбайдай алдын ала көргөн акылман чыкпас. Чыкса да заманы тутка кылып тутпас».

«Боронбай» романында өткөн замандын өксүгүн, келечектин кенемтесин толуктай турган, улуу инсандын улуулугун урпактарга жеткирчү чыгарма катары кабыл алуу кажет. Боронбай султан тарых алдында, азыркы, кийинки муундагы жарандарыбыздын алдында, эли, жери үчүн өз доорундагы аткарган вазийпасы, өтөгөн кызматы, эбегейсиз эмгеги эскирбей, өзүнүн татыктуу ордун табат. Эң негизгиси – көчмөн элибиздин цивилизацияга аралашып, жуурулушуп кетишине өбөлгө түзгөндүгүндө.

Боронбай султан тарыхый инсандардын ичинен аттын кашкасындай айырмаланып турган өрнөктүү өмүрүндө чиедей чырмалышкан жана катаал окуяларды башынан кечирген. Ал тууралуу өз заманындагы саясатчылар да, кийинки тарыхчылар да өздөрүнүн калыс пикирлерин жазып калтырышты.

Мисалы, казак элинин окумуштуусу – саякатчысы Чокан Валиханов мындай деп жазган: «26 числа (мая) был у меня певец, дико каменный киргиз, который знает поэму «Манас». 24 числа (мая 1856 года, я впервые встретился с подполковником Бурумбаем Бекмуратовым, главным рода бугинцев, человеком, владевшим Небесных гор. Он считал себя потомком древних владетелей каганов Джаза». Боронбай Чокан Валиханов менен маек курганда бугу уруу бирикмесинде элдин пикири чоң мааниге ээ болуп, ар дайым эске алынарын баса белгилеген.

Ата журттун ар намысына туулган, эл башын бириктирген улук мансап үчүн эмес, эл таалайы үчүн, элдин келечеги үчүн бийликке келип, чын ниети менен эмгек кылганын жазуучу чыгамасында көрсөтөт.

Бир сөз менен айтканда: «Боронбай барда жер тегиз, мал семиз, төл тегиз, эл деңиз эле…». Буга бир нерсе деп толукташ да кыйын.

Эрнис Турсуновдун «Ата журт» чыгармасы эки китептен турган роман. Чыгармада 1-дүйнөлүк согуштун, Улуу Октябрь социалисттик революциясын, граждандык согуштун жана Кыргызстандагы болуп өткөн социалисттик кайра жаралуулардын тарыхын көркөм сүрөттөйт. Романдын негизги темасы жаңы заман үчүн болгон күрөш.Биз бул макалада тактап айтканда адамдык жеке тагдырына,тактап айтканда конкреттүү бир образга токтолмокчубуз. «Ата журт» романындагы баш каарман болуп кирген Бурулчанын көркөм сүрөтүн жазууда автор санжырачы Алымбай айткан, таятасы Касымбай Телтаев тилмеч менен энеси Сабира Телтаевадан уккандарга таянып образ жараткан эле.

Бурулчанын турмушка бышкан зирек кези көчмөн турмуш өзгөрүп, каада салт канондору ыдырай баштаган заманга туш келген. Ал кыргыз манаптары эзилген элди мыкчый кармап, адилет өкүлдөрүн баш көтөртпөй тап карама-каршылыгы курчуп, калк баш кошкон топтордо жаакташуу, араздашуу кагылыштарга айланып, уруу чатактары күч алып турган учур эле. Түндүк кыргыздарга Жангарач, Байтик, Жантай, Шабдан, Чыныбай, Кыдыр–аке, Садыр-аке, Карач-аке, Рахматула, Талканбай, Курман, Мырзабек, Максүт, Ниязбектин сегиз бектеринин дooраны сүрүп, түштүк кыргыздарга Кокон хандыгынын өкүлдөрү Кудаяр хан, Насирдинбек, Алымбек, Курманжан датка, Ырыскулбек тукумдары бийлик талашып, так орундарына умтулуп, өз өкүмүн, өз саясатын жүргүзүп турган учур эле.

Ушундай шартта кыргыз аялдарынын тагдыры эки эсе оор, эки эсе татаал болгон. Эгер Ак Мөөр, Ак Зыйнат, Ак Саткын, Гүлгаакы, Паризат, Күңөтай, Какей, Үкөй сыяктуу кыргыз элинин талашка аруу кыздары теңине жетпей жан

кыйган болсо, Бурулча, Айкүмүш, Даанакан, Балкыкыз, Уркуялар аял укугун коргоп, эркектер менен бирге эркиндик-теңдик талашып, элдик төңкөрүштөргө активдүү катышкан.

Бурулча улуу тоонун кушу сыңары элетте эркин өскөндүктөн, ата энесинен ыймандуу тарбия алып чоңойгондуктан, жаман-жакшыга көзү канып, кыз чагынан ар кыл окуялардан кабардар эле. Кыргыз санжырасында айтылып, жазмасында жазылып жүргөн жез таңдай ырчылар, жакта жок чечендер, манасчы, жомокчу, чоорчу, комузчулар, кушка тилмер мүнүшкөр, саятчы, саяпкер, уста, зергер, уздары жакшы билген.

Кыргыз элинен чыккан ишмер аялдар такыр унутта калып бараткан. Баласагын Жусуп, Макмуддун доорунда жашаган акылман аялдар жөнүндө такыр маалымат жок. Эпостордо, дастандарда, жомоктордо айтылып калган каармандар: Каныкей, Айчүрөк, Сайкал, Канышай, Зулайка, Кенжекан, Желкайып, Кишимжан, Бермет, Канайым, Калыйман, Агача, Карлыгач, Жаңыл, Жаркын, Муңдук, Лайлумдар балким турмуштагы аялдар, балким жалпыланган образдар. Кандай айтсак да алар прототип. Аялдар элдик баатырлардын, ойчул акындардын дили сүйгөн ашыгы, эңсеген идеалы болгон.

Кыргыз аялдар гаремде жашаган эмес. Кээ бир күн чыгыш өлкөлөрүндөй аялдарды эркектерден обочо кармап, бөлүп койгон эмес. Көчмөн турмушуна жараша кыргыздар аялдарды дайма ачык кармаган. Кыргыз аялдары оорукта болсун, жортуулда болсун, эркектер менен бирге жүргөн. Алар жайдыр-кыштыр боз үйдө жашагандыктан, бардыгы батышып, ынтымак күткөн. Аксакалы буйрукту оозеки берип, оздон чыкканда эки кылбай аткарган көчмөн турмуштун демократиясы, жазылбаган мыйзамы болгон.

Боз үйдө укум-тукумга мурас бөлүнгөн. Кызуу кыйкырыктар чыгып, кыйладан берки таарынычтар ортого салынган. Жоголгон жылкы, уурдалган уй. Сыя чабылган кой, учуп өлгөн тай үчүн шектүү кармап касам ичкен.

Бурулча мына ушундай чөйрөдө көчмөндөрдүн жазылбаган салтына жуурулушуп өскөн. Энелери менен боз үйдүн үзүк, туурдук, тегирчик, сызма, тасмаларын жасашып, текче тигип, көөкөр үйлөп, чыгдан чырмап, мээнетке бышкан.

Көлдүн көкүрөгүндөгү Бугу уруусунун кызы Бурулча Ойбулак айылында туулган. Ал жайлоодо жер которуп көчүп жүргөн жандыктуу бай кишинин кызы болгон. Бирок наристе кезинен бир тууганы жайчы Алымбай баккан дечү. Ал кезде агасы инисинин же иниси агасынын балдарын ырым кылып асырап алчу. Тоталитардык система бай-манаптарды жерип тургандыктан, романда бурулчаны жайчы Алымбек кызы деп алганбыз. Жылдыздарга карап жыл санаган, жылдын оош-кыйышын алдын ала айткан кишини жайчы аташат кыргыздар.

1916-жылдагы элдик-боштондук көтөрүлүштө кыргыздар Кытайга үркүп, Бурулча эл менен кошо кеткен. 1918-жылы кырылгандан калган кыргыздар Кытайдан кайра тартканда Бурулчадан адашып калып, андан соң аны экинчи көрбөй, дайынын да билбей өлүү-тирүүсүнөн кабарсыз калган. Бурулчанын кыз чагы кыргыз элинин каймагы бузула элек, беймарал кезине таандык. Кылымдар бою калыптанып келген көчмөн элдин салт-санаасы, адат–санаасы, адат-каадасы, жөрөлгө жосуну, адеби, ыйманы, эң сонун касиеттери Бурулчага кыттай уюган.

Кыз чагында жайчы атасы алдына өңөрүп эл кыдырчу. Уулундай урмат көрүп, кызындай кымбат сүйүп, Бурулчаны ашка тойго, эл чогулган топко өзү

менен кошо ала барчу. Он алтыга толгондо кыз оюндарга эркин катыштырып, эл көзүнө урунсун, элин тапсын деп жеңелерин баштатып эл көзүнө чыгарды. Ошондон тартып Бурулчага көзү түшкөндөр сөз айттырып, жуучу жибере баштады.

Жуучу жиберген күйөөлөрдүн ана башы Телгара болду. Телгарага бүлө болуп келгени, абадагы куштай өскөн Бурулча көңүлүндө башканы эңсеп, көксөгөнү асмандагы бүркүт ай чапчыган жигит болду. Телгара топко кеткенде келин-кыздарга алты бакан селкинчек салдырып, черин жазып, бугун чыгарып алчу. Бурулчанын атагы өнөр сүйгөн, күү күйгөн Алатоодогу кыргыз арасына гана эмес, жайык талаадагы казак арасына да кеңири тараган. «Бурулчанын күйгөнүн», «Бурулчанын обонун», «Бурулчанын селкинчегин» уккандар, өзүн бир көрүүнү эңсеп, азем күүлөрүн өз кулагы менен угууну самап, Телгаранын айылына ат жетелетип, тай жетелетип келип жаткан-кетип жаткан. Ашта, тойдо, топто босун, Телгаранын кадыры артып, зоболосу көтөрүлгөн. Бурулчадай асылды энчисине басып, элге алынган Телгара дөөлөтүнөн да ошол сөөлөтүнө чиренип, атаанчыл күнүлүштөрүн кынына кийирип, ал эмне десе ою менен болуп, кыргоолдой кулпунтуп, кыздай жасанткан.

Кайсы бир кыз оюнда селкинчек салып, селкинчекке ооз комуз кагып, абазына укканды куштар кылып, мукам күүлөрү көмөкөйдөн сызылткан Бурулчага тескей манабы Батыркандын көңүлү түшүп калат. Ошондой жигитке Батыркан көп жагынан окшошсо да, айкөлдүккө жарабаган мажүрөөлүгү Бурулчаны арманга салып, жанын кейитип, тилегин өксүтүп койду. Батыркан миң ирет жалындап күйгөнү менен, ата өкүмүнөн, адат–салттан аттай албай Бурулчанын асыл үмүтүн таш каптырды. Батырканды сүйүп тобокелге башын байлап келген Бурулча «кайын атасы» ажыдан каккы жеп, денеси сууп, мизи сынып, көңүлү кайт болгондо бетине айткан: - Батыркан?.. Сени мырза экен десем, суусар тебетейинен бөлөк идирегиң жок тура. Кылычың кыкка өтпөгөн кокуй турбайсыңбы. Атаңдын кейпин көрдүм. Айтарым, бул өңдүү «жакшы атанын» эрксиз кулу болгуча, «жаман атанын» эрктүү уулу болгон артык… . Аңги болгон айкырат, ажы барктуу, нарктуу тукум деп, балаңызга ниетимди берип келсем, «сойкулугума» жетип, камчы үйүрө чуркадыңыз. Менин «сойкулугумду» көрбөгөн чыгарсыз. Көрбөгөн соң «абийириңиз» менен калыңыз. Менин абийирим сиздин эки бетиңизден чырайлуу болбосун? Кош эми, «атасынын баласы!..».

Атын угуп жүрсө да мынчалык кайраттуу ургачы экенин мурда билген эмес Дөнөнбай: «Вазир жакшы – хан жакшы, катын жакшы – эр жакшы » Ате, бүлө кылчу зайып экен. Көзү тик, сөзү так, дымагы өрдө тура. Көзү тиктин уругу тик, тукуму тиригарау,- деп сынаган Дөнөнбай – Кеп бар экен мында. Кайран тунжур, сызды. Менин атым Бурулча, мейли салтың бузулса деген айтылуу Бурулча ушул тура!»

Бурулча менен Батыркан деген ашыглык дастан эл оозунда калбас. Батыркан ыйык сүйүүгө татыксыз болду. Ак сүйүүгө арзыбай калды. Ал катардагы эле пенделердин бири болуп, катардагы эле анткор аялдын эри болуп кала берди. Жылма сүзүлүп, жылмакай көрүнүп, ашыглык эмне экенин билбеген аялга эркек эле болгону. Адамдын сулуулугун, жан дүйнөсүнүн улуулугун сезбейт алар. Баа деген, барк деген өзүндө болбогон соң башканы баалашпайт. Алар чүпүрөккө оронуп, аш жегенге семирген, күнүмдүк күлкү менен бир

күүлөнүүгө элирген макулуктар. Тийген эри борбуйлуу болсо, күнүмдүк мансапта олтурса, булут минип, муз бүрккөнсүшөт. Бирок булут минилбейт, муз бүркүлбөйт.

Бурулчанын кийинки тагдыры кыргыз элинин курч, социалдык оор, экономикалык жакырланган абалына, турмуштун олку-солку жагдайларына, кыйын кезең кырдаалдарга туш келген. Көчмөн элдин көнүмүш адаты, уруулук жашоо салты, карым–катнаш мамилелери Россия империясы багыттаган колонисттердин келиши менен кескин өзгөрдү. Дегенибиз, XIX кылымдын орто чининен баштап, географиялык изилдөөлөр, империянын аскердик-стратегиялык экспедициялары Тяньшань, Памир, Алайдын, Ысыккөлдүн, Фергана, Чүй, Талас өрөөндөрүнүн жашоого ыңгайлуу жерлерин картага түшүрүп кетишкен. 1861-жылы крепостнойлукту жоюу Указы чыгарылып, орус мужуктарын бул региондорго самсытып көчүргөн. Алар Кыргызстандагы кара топурактуу, майлуу жерлерди ээлеп, жергиликтүү элди тоо-ташка сүргөн. Кыргыз жерлеринин аттары өзгөрүп: Александровка, Николаевка, Михайловка, Павловка, Романовка, Григорьевка, Баженовка, Антоновка, Быстровка, Климовка, Вознесеновка, Пржевальск, Беловодск, Теплоключенка болуп падышалардын, кулактардын, генералдардын, помешиктердин аттарына коюлган. Тяньшандын Кызыл карагайлары кыйылып, чиркөөлөр салышкан, жалдуу сары камыштарын кыркып хаталарын жабышкан, өзөн–сууларын буруп көлмө кылышкан, жол боюна кресттүү көрүстөндөр, зым карагайлар, бекеттер орнотуп, Каракол шаарын Пржевальск деп атап, гарнизон курушкан.

Келгиндердин прогресске жеткирген жакшы көрүнүшөрүн айтпай кетүүгө болбойт. Семенов-Тяньшанский, Северцов, Мушкетов, Федченко, Верешагин, Радлов, Бартольд, Абрамзон, Фрунзе, Поливанов, Образцов, Чуйков, Юдахин сыяктуу прогрессивдүү орус адамдары кыргыз элинин экономикасын, тарыхын, маданиятын, тилин, фольклорун, күүлөрүн, этнографиясын изилдешип, анын өсүшүнө өбөлгө түзгөн.

Бирок Россия империясы Түркстан крайынын 200470 адамды орус-герман согушунун тыл жумуштарына мобилизациялоо жарлыгын чыгарганда эл массасы наарызылыктар, кандуу кагылыштар, көтөрүлүштөр менен жооп берген. Анткени, жергиликтүү эл мобилизацияга сиңип же резервация болу коркунучу да турган.

Көтөрүлүштөр уюшкандыкта болбой айрым жергиликтүү элди жазалап, атып, асып, мойсой баштаган. Көтөрүлүш кыргыздардын кырылышы, улуттук трагедия менен бүткөн. Ошого карабастан, элдик–боштондук кыймыл Ортоазияда жана Казахстанда тамырын кеңири жайып, миллиондогон эл массасын алган. Россия империясы байлыкты Закавказье, Ортоазия, Казахстан, Сибирден сузуп алып, бул региондордо социалдык, экономикалык, саясий кырдаал курчугандан курчуп, падышалык жеке бийлик менен жергиликтүү төбөлдөр элди эки эсе эзүүгө дуушар кылган. Жалпы элди ачарчылык ырайымсыз колун сунуп, ач элдер чыгышты карай миграция болуп жаткан. Ошентип, биринчи дүйнөлүк согуш чыккан. Согуштун чыгуу себеби империалисттик ири мамлекеттердин дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүү саясаты болгон. Дүйнө андан мурда эле бөлүнүп калган. Согуш зардабынан жана колониялык саясаттан кыргыздар улут катары жоюлуп кетерде Октябрь таңы атып, кылылгандан калгандары Кытайдан Ата журтуна келе баштаган. Бурулчанын соңку тарыхы мына ушундай коогалуу, опурталдуу, капсалаң учурга туш келген. Тагдырлар татаалдашып, адамдар болуп көрбөгөн апаатты баштап өткөргөн. Эки баштуу бүркүт көзүн ойгон эл кансыктап,

замана курулуп, жайыттагы мал, айылдагы итке дейре маарабай, үрбөй калган. Атам замандан бери, дегеле кыргыз болуп жаралгандан бери эл ошончолук мөгдүрөп, тентип, тербип, ордунан козголгон эместир. Качандыр бир замандарда Алтай жактан, Энесай жээгинен ойрот–буйрат тараптан Ата конушун таштап, Тяньшань тарапка көчсө көчкөндүр. Бирок канаты кайрылып, калканар журтунан айрылып, ошондогудай эл түп орду менен үрккөн эместир. Мына, ушүундай аргасыз шартта Бурулча сыяктуу кайраттуу аялдар акыл таап, ылаажы издеп, элге дем берип, жанын курман чаап көч башында болгон.

- Кагылайын аталар! Айланайын энелер! О, эл-журт, эсиңерге келгиле! Катуу багыт, каргашалуу күндөрдө сөөгүбүз көмүлбөй ит-кушка жем болмой болдук. Дагы кандай күн башка түшүп, кандай шарт, кандай жерге өлөрдү ким билет? Ким кай тарапты карап, кандай жан багары белгисиз. Калың эл камалып турат. Араңарда жол билген баатырыңар, баш-көз болор акылыңар барбы? Акылыңар болсо айткыла, баатырыңар болсо баштагыла!

Андагы ашууда калган кыргыздардын күнүн ит көрбөсүн. Карыларды кар басып, алсыз адамдар тирүүлөй тоңуп, мал өлүгү тороюп, дөбө болуп жаткан. Каруусуз кемпирлер очорулган жеринен козголбой, өлөсөөлүү чалдар эмгектеген жеринде калып, куржундагы балдар килиттилген бойдон тонгон. Көч алды ашуга маталып, арты там болуп тирелген. Алкынган дарыя илебинен аша чаап, келин-кыздар кыядан учуп, кандуу суу аласалдырып жутуп турган.

Арт жакта ок мөндүрдөй жаап, замбирек атып, жекенин кылычтап, карателдер кыргыздарды кызыл жаян кылган. Качкындардын кежигесин кержейте, моюндарын шылкыйта чаап, штык менен ичеги-кардын эшкен. Баарынан да жаш аялмет келиндерге, боюнда бар аялдарга кыйын болгон. Алар эмчектеги балдарын алып өтө албай, өздөрү боюн таштап кете албай же ташка корумдап таштап кете албай, өздөрү боюн таштап, аскадан учуп өлгөн. Эл быт-чыт чачылып, бет-бетинен борчук таштарга жармашып, кээси эмне болуп кеткенине. Түшүнбөй, акылдан ажырап дел болуп, турган-турган жеринде тонгон.

Буга дейре карателдер кимдер экени жана алар кандай болорун эч кимдин оюна да, түшүнө да кирген эмес. Ошондо тирүү калган качкындар өз көзү менен көргөн. Карателдер чекке жетип кайра тарткан соң кыргыздар Кытайга өткөн. Эми, Кытайдагы көргөн кыргшыздардын кордугун жазууга кагаз түтпөс, айтууга миң бир түн да жетпес. Жаш жубан, сулуу кыздарын тарттырып, ачкалык айынан бир баштык жүгөрүгө сатып, балдарынан, боордошторунан ажыраган кыргыздар Аксы, Турпан, Кулжа Текесте өлүм алдында калганда Отябрь төңкөрүшү чыгып, уруят мыйзамы келди. Бирок Бурулча Ата мекенине кайтпай каган. Ал кытайлардын колуна калганы же кыргыздар кайтып келатканда ашууда жаздым болгону белгисиз. Эгер тоталитардык замандагы сенек мезгилдин жетекчилери тарыхты тактоого мунаажат бергенде, 1916-жыл трагедиясын билген көзү бар карылардан тактап, Бурулчанын тагдырын, анын эмне болгонун жазып калмакпыз.

Баскан жолу, өмүрү, таржымалы, тарыхы Кыргызстандагы окуяларга тыкыс байланышкан, өз мезгилинин жүгүн көтөрүп, өз доорунун белгилерин алып жүргөн Бурулчадай кыргыз аялынын образын көркөм чыгармага жазып, урпактарга калтыруу бул таалайлуу эмгек. Бурулча - кыргыз элинин кылымда жаралгыс кымбат кызы, аял жамаатынын тарыхый үлгүсү.

«Ажал айтып келбейт» аттуу китебинде далай мүшкүлдүү окуяларды, оор тагдырларды баштан өткөргөн, өз учурундагы коомдук системанын капшабынан

жабыр тарткан, өмүрү трагедиялуу инсандар тууралуу, Афганистанда, Пакистанда, Туркияда дайыма күрөш менен жашап өткөн Рахманкул тууралуу, Атамекендик согушта туткун болуп немецтик мусулман легионунда кызмат кылган Бет-Алман тууралуу, Кытайда маданий төңкөрүш учурундагы уйгурлардын абалы, унутта калган адамдар тууралуу даректүү баяндар, көркөм ой толгоолор камтылган.

Ошондой эле Эрнис Турсунов менен бир кезде бирге иштешкен, өзү баалаган купулуна толгон адабий жана маданий ишмерлердин турмуштагы айрым учурлары деталь-штрихтер менен сүрөттөлгөн. Турмушта сейрек кездешүүчү инсандар, драмалуу окуялар адабий жатык тилде көркөм жазылган.

Адабияттар:

1. Асаналиев К. Доор менен бирге. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981. 220 б.
2. Эдилбаев К. Сөз тагдыры. - Фрунзе: Кыргызстан, 1981. 60 б.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2002. 445, 447 б.